# Пресс-релиз
# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 10 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды

Тышкы факторлор сыяктуу эле, ички факторлордон улам, инфляциялык басымдын күчөшүн эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 100 базистик пунктка, 10 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесине арналган акыркы отурумунан кийин (2014-жылдын 27-октябры) алынган маалыматтар тышкы жана ички факторлордун таасири астында түптөлгөн жогорку инфляциялык басым дагы эле сакталып тургандыгын көрсөтүүдө. Ноябрь айынын орто ченине карата абал боюнча жыл башынан бери топтолгон инфляция 8,4 пайызды, жылдык мааниде алганда (2014-жылдын ноябры 2013-жылдын ноябрына карата) 9,7 пайызды түзгөн.

2014-жылдын октябрь айынын жыйынтыгы боюнча алынган статистикалык маалыматтар Кыргыз Республикасында, ошондой эле өлкөнүн соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык өсүш арымынын басаңдашы уланып жаткандыгын далилдөөдө. Кыргыз Республикасында 10 айы ичиндеги ички дүң өнүмдүн (ИДӨ) реалдуу өсүш арымы 3,7 пайыз чегинде катталган. Тышкы соодалык операциялардын көлөмүнүн кыскарышы байкалууда, бул эң башкысы, импорттун азайышынын эсебинен келип чыккан. Мында, ата мекендик товарлардын экспорту да (алтынды эске албаганда) төмөндөөгө ык коюуда. Акча которуулар агымынын азайгандыгы белгиленген болсо да, алардын көлөмү көбөйүүдө. Тышкы чөйрөнүн өнүгүшүндө белгисиздик жагдайы сакталып калууда. Аталган ушул факторлор өлкөнүн ички валюта рыногуна келтирилип жаткан басымды, демек инфляция деңгээлине таасир эткен себептерден болуп калган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, Улуттук банктын 2014-2017-жылдарга каралган акча-кредит саясатынын негизги багыттарында аныкталган орто мөөнөттүк аралыкта инфляцияны 7 пайыз деңгээлге жетпеген чекте токтотуп турууга багытталган тиешелүү чараларын көрүүнү улантат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүнө тиешелүү маселени кароого алган кийинки отуруму 2014-жылдын 29-декабрына пландаштырылган.